# Тойго келгиле

Жол арбытып алыстан тойго келгиле,

Шарпылдаган суулардан кечип өткүлө.

Кунандарды чабышып, жорголорду салышып,

Мелтиреген талаада байгелерди талашып.

Кайырма:

Тойго, тойго келгиле, тойго келгиле,

Оюн-зоокко кошулуп ойноп кеткиле.

Көңүл ачып ар дайым бирге жүрөлү,

Мейман болуп тынчтыкта өмүр сүрөлү.

Бийлегиле, жаштар, бийлегиле,

Шапар тээп шаттанып, жыргагыла.

Бириңен-бириң калышпай, бийлегиле талыкпай,

Айланада бүт баарың кошулгула тартынбай.

Кайырма.

Обончулар, оболоп ырдагыла,

Булбул болуп баарыңар сайрагыла.

Таза чертип комузду, шаңдуу кошуп добушту,

Күлкү менен ыр болуп, көтөрөлү көңүлдү.